**И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, доцент Ажибаева Айнура Жакшымбековнанын 13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы» адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Айдаров Азамат «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Изденүүчү **Айдаров Азамат «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»** аттуу темадагы диссертациясын жана авторефератын карап чыгып, эксперт төмөнкүдөй бүтүмгө келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин шайкеш келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгү боюнча терең жана системдүү изилденип, "компетенттүүлүк", "экологиялык маданият", "экологиялык компетенттүүлүк", "экологиялык билим берүү", "экологиялык аң-сезим" терминдеринин түшүнүктөрүнүн манызы такталган.

Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда негизги илимий-педагогикалык ыкмаларына талдоо жүргүзүлүп аныкталган.

Иштин мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистигине жооп берүүчү маанилүү илимий проблемага, тактап айтканда статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин изилдөөгө багытталган.

**2.Диссертациялык иштин максаты.**

**Изилдөөнүн максаты:**

Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Коюлган максатка жетүүдө диссертацияда **төмөнкү милдеттерди** чечүү аркылуу ишке ашырылды:

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин аныктоо.
2. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу.
3. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, аларды эксперименталдык жактан текшерүү.

**Изилдөөнүн обьектиси** – статустук мектептерде билим берүү жана тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** статустук мектептердин билим берүү процессинде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо түзөт.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациянын темасы статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесине арналган. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу. Экологиялык билим берүү педагогика илиминде маанилүү орунду ээлейт. Ал жаш муундардын табиятты таанып билүүсүнө жол ачат, экологиялык маданиятты калыптандырат. Азыркы этапта курчап турган чөйрөнү ушу калыбында сактап калуу адамзаттын алдында турган олуттуу проблемалардан болуп саналат. Азыркы экологиялык кырдаалдын татаалданышы жана масштабы мектеп окуучуларына системдүү экологиялык билим берүүнү өнүктүрүү муктаждыгын жаратып жатат. Ушундан улам адамзаттын алдында турган проблеманы түшүнгөн жана чыгармачыл ой жүгүрткөн, социалдык жана коомдук проблемаларды чечүүгө жөндөмдүү, экология маселелери боюнча компетенттүү инсанды калыптандыруу – замандын талабы болуп саналат.

Кыргыз Республикасында жаңы типтеги статустук мектептерде (гимназия, кесиптик лицейлер) окутуу жана тарбиялоо сапат жагынан жаңыланып милдеттер аныкталды, арасында жаратылышка болгон карым-катнаш маселелерин чечүү милдеттери коюлду, жалпы адамзаттын жашоосуна зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында келечектин ээлери катары заманбап мектептердин окуучуларынын жалпы тарбиясына, анын

ичинде экологиялык билимге жана маданиятка чоң маани берилгени маалым. 2021-2026 жылдары бекитилген Кыргыз Өкмөтүнүн "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы" аттуу концепциясында: "экологиялык тарбия, экологиялык жактан таза болууга багыттоо" деген проблеманы чечүү маселесине өзгөчө маани берилген. Бул экологиялык билим жана тарбия берүүнүн актуалдуулугу менен түшүндүрсө болот.

Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин чечүү заманбап педагогика илиминдеги эң маанилүү жана актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Бул маселе изилдөөнүн көйгөйүн актуалдаштырат. Изилдөө практикалык жактан зарыл болгон, маанилүү, актуалдуу проблеманы чечүүгө арналган.

**3.Илимий натыйжалар**

Диссертациялык иште коюулган милдеттерге ылайык натыйжалар алынган.

1. Педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде заманбап статустук мектептердин КР билим берүү системсындагы орду аныкталып, алардагы жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталган.

2. Статустук мектептердеги жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн теориялык модели, алардын когнитивдик, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык-иш аракеттик, эмоционалдык-эрктүү компоненттери иштелип чыгып, сунушталган.

3. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, алар эксперименталдык жактан текшерүүдөн өтүп, локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун педагогикалык технологиясы иштелип чыгып, апробациядан өтүп, тиешелүү сунуштар берилген.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

1.Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыгууда жана илимий жактан негиздөөдө.

2.Жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методикалык жактан камсыз кылууда.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугунун негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет.

**6. Диссертациялык иште орун алган мүчүлүштүктөр:** Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге кемчиликтер орун алган:

1. Диссертацияда пайдаланылган адабияттардын тизмеси 119 менен бүтөт, бирок тексте №122, 123 деп берилип, ссылкалардын көбү дал келбейт, мисалы, дисс. 11, 12 .....ж.б. беттер.

2. Статустук мектептин аныктамасы берилген эмес жана орто мектеп менен кандай айырмачылыгы бар экени берилсе жакшы болмок.

3. Дисс. 39 бетинде параграф 1.3 Жаны типтеги мектептердин жогорку класстарынын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун уюштуруу формалары жана методдору аталышында параграфта теориялык негиздер берилген. Практика жүзүндө мисалдар менен берилсе жакшы болмок.

4. Дисс. 50 бетинде салыштыруу усулу “курчап турган дүйнө жана адамдар” темасына арналган класстык сааттын мисалы катарында жана башка берилген усулдар боюнча дагы сабактын жүрүшү берилсе жакшы болмок.

5. 2.1 параграфы кененирээк берилсе жакшы болмок.

6. 2.2 параграф педагогикалык шарттарын берүүдөгү колдонулган окутуунун методдоруна сабактын мисалдары келтирилген эмес.

7. 2.3.параграфта статустук мектептердин жогорку классынын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели 89-90 бетте берилген, моделде көрсөткүчтөрү, критерийлери берилген эмес. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжасы кандай болду деген суроо.

8. Пайдаланылган адабияттардын саны авторефератта, диссертацияда 117 деп берилген, тизмеде 119, ал эми тексте 123. Тактоо керек.

9.Айрым техникалык, грамматикалык, орфографиялык каталарга жол берилген.

**7. Сунуштар:** Жогорудагы көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу сунушталат.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Кемчиликтери жоюулгандан кийин аткарылган ишти кабыл алууга жана алдын ала коргоого сунушталсын деп эсептейм.

9. **Айдаров Азамат «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»** аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган диссертациясы жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары, жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууну жүргүзүү негизинен жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан. Баптардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши илимий негизделген.

**10.** И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д. 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган **Айдаров Азамат «Статустук мектептерде окуучулардын**

**экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»** деген темадагы диссертациясын алдын-ала коргоого сунушталат.

**Педагогика илимдеринин доктору,**

**доцент:** **Ажибаева А.Ж.**

**А.Ж.Ажибаеванын койгон кол тамгасын тастыктайм**

**ТалМУнун КБ башчысы:** **Бешкемпирова В.К.**

Эксперт А.Ж. Ажибаеванын кол тамгасын тастыктайм. Окум. катчы Абдыкапарова Ж.

16. 10. 2023-ж.